**Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**
**№ 17 ЧЕЧИМИ**

**18-апрель 2021-жыл** **Бөкөнбаев айылы.**

**Катышышты:**

Абдыкеримов Р.- АШКнын төрагасы.
Урмамбетов Д.- АШКнын катчысы.
Асаналиев Ж. – АШКнын мүчөсү.
Жаналиева М. – АШКнын мүчөсү
Чойтонбаев Б. – АШКнын мүчөсү.
Байзакова Б. – АШКнын мүчөсү.
Качкынова Н.– АШКнын мүчөсү.
Закиров А. – АШКнын мүчөсү.
Айбек кызы А. – АШКнын мүчөсү.
Бейшекеев А. – АШКнын мүчөсү.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган "Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Референдумуна добуш берүүдө №3219 шайлоо участогунда кетирген кемичиликте боюнча "Реформа" саясий партиясы тарабынан жазылган арызын кароо жөнүндө.**

**УГУЛДУ: Күн тартибиндеги маселе боюнча** аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Д.Урмамбетов чыгып, 2021-ж 11-апрель "Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын Референдумуна добуш берүүдө №3219 участкалык шайлоо комиссиясынын аракеттерине «Реформа» саясий партиясы тарабынан даттануу келип түшкөндүгүн билдирүү жасады.

Бул маселе боюнча отурумга №3219 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Мамбетова Айгүл, катчысы Маркабаева Рахат катышып жаткандыгын билдирүү жасады.

Аталган даттануу боюнча участкалык шайлоо комиссиялардын төрага, катчыларына кетирген кемчиликтери үчүн пикирлерин угуп, түшүнүктөрүн жазып беруу жагы сунушталды.

Алар өзүнүн түшүнктөрүндө № 3219 шайлоо участкасы боюнча жыйынтык протокол толтурууда төрайым, катчы тарабынан протоколдун "МАКУЛ" графасын туура эмес толтуруп алгандыктарын түшүндүргөн. Бул факт боюнча териштирүүнүн негизинде каталыктар жоюлуп, түшүнүк каттар жазылып алынды (түшүнүк тиркелет).

№3219 участкалык шайлоо комиссиясынын торайымы А.Мамбетова "Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 35-бернесинин 5-пунктуна ылайык Референдумга катышуучуларына берилген добуш берүү үчүн бюллетендердин саны чектерди саноо жолу менен кошумча участоктон текшергенде 325 болуп дал келгендигин айтты.

Аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү Н.Качкынова Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 37-бернесинин 4-пунктунун 1-2-подпунктунда көрсөтүлгөн бузуулар орун албагандыгына токтолуп, аймактык шайлоо комиссисы тарабынан бул фактылар аныкталбагандыктан добуш берүүнүн жыйынтыгын жараксыз деп эсептөөгө болбойт деп билдирүү жасап, добушка коюуга өзүнүн сунушун киргизди.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап Тон аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Д.Урмамбетов «Клооп Медиа» коомдук фондусунун билдирүүсүндө көрсөтүлгөндөй бул эки участоктун шайлоо процесси бузулду дегенге эч кандай негиз жок экендиги боюнча добушка коюду.

**Макул "10", Каршы "жок"**

Жогорудагылардын негизинде Тон аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. «Реформа» саясий партиясынын арызы эске алынсын.
2. "Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 37-бернесинин 4-пунктунун 1-2-подпунктунда көрсөтүлгөн бузуулар орун албагандыгы эске алынсын, шайлоо процесси бузулду дегенге эч кандай негиз жок экендиги белгиленсин.
3. Кетирген каталыктары үчүн №3219 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы А.Мамбетовава, Р.Маркабаевага эскертүү берилсин.
4. Ушул чечимдин көчүрмөсү «Реформа» коомдук фондусуна жөнөтүлсүн.

**Аймактык шайлоо**
**комиссиясынын төрагасы** **Абдыкеримов Р.**

**Катчысы** **Урмамбетов Д.**

Кыргыз Республикасы
шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча аймактык
комиссиясынын төрагасы
Абдыкеримов А.С.
УШК 3219 төрагасы
Мамбетова А.А.

# Түшүнүк

Мен сизге түшүнүк себеби:

Референдумдун жыйынтык протоколун ИСУ менен чыккан чек менен толтурууда, жаңылыштык жазылган протоколду сканер менен киргизип жибериптирбиз,
макул графасына 325 ди 525 деп жазылган

Түшүнүк ээси: Мамбетова

Кыргыз Республикасынын
шайлоо жана Референдум
өткөрүү б/га аймактык
комиссиясынын төрагасы
Абдыкеримов Э.С
УШК 3219 катчысы
Маркабаева Р.Ж

Түшүнүк

Мен сизге түшүнүк жазгандын себеби: Референдумдун жыйынтык протоколу АСУ менен чыккан чек менен төгүнүндө, жаңылыш жазылган протоколду сканер менен кетирип жибериптирбиз.

Макул графадагы 395ди 525 деп жазып алыптырбыз

Түшүнүк ээси Маркабаева